И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д 13.20.673 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү **Мамырбаева Нестан Бердибековнанын "Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери (кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында)** 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) шифрына ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

**1. Коргоого кабыл алынган диссертациялык иштин диссертациялык кеңештин шифрына ылайык адистикке туура келиши.** Мамырбаева Нестан Бердибековнанын "Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутуудастуденттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери (кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында) аттуу темадагы диссертациялык иши Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет;

-диссертациялык изилдөөдө камтылган илимий-методикалык проблемалар 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) шифрына шайкеш келет.

**Диссертациянын максаты:** ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутуп, үйрөтүүдө санариптик технологияларды, интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен кытайлык студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун методикасын иштеп чыгуу жана алардын натыйжалуулугун эксперимент жолу аркылуу текшерүү.

***Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер чечилген:***

1. ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө;
2. ЖОЖдордо чет өлкөдөн келип билим алып жатышкан студенттер ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөрдү аныктоо жана анын учурдагы абалын талдоо;
3. ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда санариптик технологияларды, интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен кытайлык студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн, аларды ишке ашыруунун жолдорун иштеп чыгуу;

4. Иштелип чыккан ыкмалардын эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперименттик жолдор аркылуу текшерүү жана жыйынтыктарын талдоо.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталган:**

Чет өлкөлүк студенттердин жана өз алдынча тил үйрөнүүчү чет өлкөлүк өкүлдөрдүн чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, билим сапатын арттыруу, тарбия берүү маселелери изилденгени менен, алардын тилдик компетенттүүлүгүн жогорулатуу проблемасы илимий иликтөөнүн объектисине алынбагандыктан, бул маселе атайын изилдөө талап кылынууда. Буга ылайык жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутууда кытайлык студенттерди санариптик окутуу аркылуу тилдик компетенттүүлүгүн боюнча методикалык иштелме, сунуштардын иштелип чыкпагандыгы, ушул маселелерди чечүү колледждерде учурдун актуалдуу маселеси болуп саналат.

**3. Илимий жыйынтыктары:** -*изилдөөдө алдына коюлган милдеттерине жараша педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган*:

5. ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн изилденген;
6. ЖОЖдордо чет өлкөдөн келип билим алып жатышкан студенттер ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөрдү аныктоо жана анын учурдагы абалын талдоо ишке ашырылган;
7. ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда санариптик технологияларды, интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен кытайлык студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн, аларды ишке ашыруунун жолдору иштелген;

Иштелип чыккан ыкмалардын эффективдүүлүгүн педагогикалык экспериментте текшерилген.

3.1. **Алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгү булар менен аныкталат,** *т.а изилдөөдө төмөндөгүдөй көңүл буруучу идеялар айтылган жана алар изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгүн далилдейт:*

- ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда интерактивдүү усулдарды пайдаланууда теориялык изилдөөлөргө негизденген;
- чет өлкөдөн келип билим алып жатышкан студенттер ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөрдү аныктоо жана анын учурдагы абалын талдоодо Кыргызстандын ЖОЖдорунун учурдагы реалдуу абалына тыкыр талдоо жүргүзгөн;
-

●кыргыз тилин чет тили катары окутууда санариптик технологияларды, интерактивдүү усулдарды пайдалануу менен кытайлык студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө сыноонун жыйынтыгы берилгендиги.

**3.2. *Иштин теориялык маанилүүлүгү булар:***

1. ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутууда санариптик технологияларды колдонуу жолдорун изилдөө маселелери илимий-практикалык жактан баалуу;

2. чет өлкөдөн келип билим алып жатышкан студенттер ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөрдү аныктоо Кыргызстанда тил үйрөтүү практикасында жакшы натыйжага алып барары шексиз;

3. кытайлык студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн, аларды ишке ашыруунун жолдору, сабактардын формалары методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда пайдаланылса болот.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси (тармак, өлкө, үчүн мааниси)** изилдөөдөн алынган натыйжалар, практикалык сунуштар, сабактын формалары, түрлөрү, технологиялары ЖОЖдордо кыргыз тилин чет тили катары окутуунун натыйжаларын жакшыртууга кызмат кылат.

Анткени, изилдөөдө:

-компетенттүүлүк тууралуу жетишерлик илимий маалыматтар белилген;

-компетенттүүлүккө жетишүүчү салтуу да, интерактивдүү да ыкмалар, сабактын түрлөрү, формалары, студенттер менен өткөрүүчү иштин көптөгөн түрлөрү жетишерлик берилген.

Диссертациянын материалдары **төмөндөгү басылмаларда чагылдырылган жана опрабацияланган**, Республикалык жогорку окуу жайларда, эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда, тегерек столдордо, ар кандай тренингдерде изилдөөнүн жүрүшү, анын натыйжалары боюнча илимий баяндамалар жасалды, илимий басылмаларда, илимий журналдарда жарыяланды. Изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинде педагогика жана психология кафедрасында талкууланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.** Жалпысынан, 12 макала жана 9 окуу куралы жарык көргөн.

**Натыйжада, Мамырьаева Нестан Бердибековнанын "Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутуудастуденттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери**

**(кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында)** аттуу темадагы диссертациялык ишинде аныкталган методдор жана технологиялар аталган тармак үчүн маанилүү болуп саналат.

Авторефераттын мазмуну диссертация менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары дал келет.

**6. Сын пикирлер:** - изилдөөдөнүн актуалдуулугун жана темага ылайык изилдөөнүн азыркы абалын дагы да тактоо, толуктоо, кыргыз тилин экинчи жана чет тили катары окутуунун учурлагы изилдөөлөрүнө дагы да тереңирээк кайрылуусу керек.

-кыргыз тилин кытайдан келген студенттерге окутуунун өзгөчөлүктөрү берилген бирок, ошого жараша кыргыз тилинин лексикалык жана грамматикалык материалдарын берүүнү дагы да конкреттештирүү керек;

- студенттер ээ болуучу компетенциялар, аларды баалоо критерийлери дагы да такталышы керек.

-сыноонун жыйынтыгындагы баалуунун критерийлери да берилген эмес;

-эксперимент бөлүгү дагы да кененирээк берилиши керек.

-үчүнчү глава менен экинчи главанын орундарын алмаштыруу керек;

7. *Эскертүүлөр:* Бул айтылгандар расмий коргоого чейин изденүүчү тарабынан оңдолуп-толукталат, албетте, изденүүчүнүн мүмкүнчүлүгү буга жетиштүү экендиги байкалат.

8. *Сунуштар: Диссертациялык ишти расмий коргоого оппонент катары төмөндөгүлөр сунушталат:*

**1-расмий оппонент катары** п.и.д., профессор К.Д.Добаев, шифри – 13.00.02**.** *Анын бул темага жакын эмгектери:*

-Кыргыз тилин өзгө тил катары окутуу методикасынын айрым маселелери.- Бишкек,2009.- 83 б.

-Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутууга арналган окуу китептеринин мазмуну жана түзүмү- Бишкек, 2009.- 92 б.

- Окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун концепциясы (долбоор) // Известия КАО - Бишкек, 2011.- № 4 (20).–Б. 125-135.

- Добаев К.Д. Окутуу технологиясындагы мультимаданий компетенциянын ролу жана мааниси // Эл агартуу.-2023.-№1-2.-15-21-бб

-Добаев К.Д. Кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу //ALATOO ACADEMIC STUDIES -2022.- №2.-41-49-бб.

**2-расмий оппонент катары** п.и.к., доцент Т.Жороев сунушталат.Анын корголуп жаткан диссертацияга мазмундаш эмгектери:

- Сынчыл ойлоону өстүрүү программасынын негизинде кыргыз тили сабагында текст түздүрүү. Труды международной научной конференции. Ош, 2001-ж.

-3. Орто мектептин жогорку класстарында ой жүгүртүү мүнөзүндөгү тексттерди түздүрүүнүн айрым ыкмалары. Мамлекеттик тил. Окутулушу жана изилдениши. Республикалык конференция, Ош, 2001-ж.

-Окуучуларды жазуу ишине көнүктүрүүдө окутуунун жаңы стратегияларын колдонуу. Кызыл-Кыя, 2003,6 б.

- Фонетиканы окутуунун мааниси жана аны окутууда дидактикалык оюндарды колдонуу, Б., 2001.

-Тууранды сөздөрдү окутууда дидактикалык оюндарды жана окутуунун жаңы стратегияларын колдонуу, Ош, 2001, 8 б.т.

- Кыргыз тили, практикалык курс, Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген, Бишкек, 2020-ж.

**Жетектөөчү мекеме катары** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана башталгыч билим берүү кафедрасы сунушталат.

9. *Бүтүм:* Жогорудагы айтылгандарга таянып, Мамырбаева Нестан Бердибековнанын "Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин чет тили катары окутуудастуденттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун негиздери (кытайлык студенттерге тил үйрөтүүнүн мисалында) аттуу темадагы 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) шифрына ылайык жазылган диссертациялык ишин оңдоолор жана толуктоолордон кийин расмий коргоого сунуштоого болот.

Эксперт: Рысбаев С.К., п.и.д., профессор
Күнү: 21-январь, 2025-ж

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Кол тамгасын тастыктаймын
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Н. Токошбекова

Дата поступления заключения в ДС Д 13.23.673 21.01.2025г
Уч. секр.: д.ф. Олжобаева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ